КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

# ЖАРЛЫГЫ

# УКАЗ

ПРЕЗИДЕНТА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## 2024–2034-жылдарга Кыргыз Республикасында футболду андан ары өнүктүрүү боюнча чаралар жөнүндө

Калктын саламаттыгын сактоо, жарандардын сергек жашоо мүнөзүн калыптандыруу, дене бою бекем жаш муунду гармониялуу тарбиялоо Кыргыз Республикасынын социалдык саясатынын артыкчылыктуу багыттары болуп саналат. Бул максаттарга балдарды, өспүрүмдөрдү жана жаштарды дене тарбия жана спорт менен машыгууга массалык түрдө тартуу шартында гана жетишүүгө болот. Ошону менен бирге азыркы этапта балдардын жана жаштардын дене тарбиясынын жалпы абалы кооптонууну жаратууда.

Ошондуктан инсанды ар тараптуу дене бою жана руханий жактан өнүктүрүүдө, ден соолукту чыңдоодо жана оорулардын алдын алууда, бош убакытты сарамжалдуу өткөрүүдө, заманбап жашоо шарттарына көнүктүрүүдө, дене тарбия жана спорт менен үзгүлтүксүз машыгууга болгон муктаждыкты, зыяндуу адаттардан баш тартууну камтыган жаңы баалуу багыттарды калыптандырууда дене тарбия жана спорттун мүмкүнчүлүктөрүн натыйжалуу пайдаланууга багытталган иш-чараларды жүзөгө ашыруу өзгөчө мааниге ээ болууда.

Футбол дүйнөдө жалпы таанылган номер биринчи спорттун түрү катары Кыргыз Республикасында өткөн кылымдын 30-жылдарынан тартып эле кеңири жайыла баштаган. Бул калк арасында, биринчи кезекте балдар, өспүрүмдөр жана жаштар арасында эң массалык спорттун бири болуп калды. Биздин футбол командаларынын кесиптик жана ышкыбоздук деңгээлдеги спорттук ийгиликтери да жалпыга маалым.

Футболго болгон кызыгуу спорттук гана эмес, социалдык жактан да маанилүү. Бул оюн баңгилик жана компьютердик көз карандылыкты, алкоголизмди, тамеки чегүүнү жана башка зыяндуу



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

# ЖАРЛЫГЫ

# УКАЗ

ПРЕЗИДЕНТА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О мерах по дальнейшему развитию футбола в Кыргызской Республике на 2024–2034 годы

Сохранение здоровья населения, формирование здорового образа жизни граждан, гармоничное воспитание физически крепкого молодого поколения являются приоритетными направлениями социальной политики Кыргызской Республики. Эти цели достижимы только при условии массового привлечения детей, подростков и молодежи к занятиям физической культурой и спортом. Вместе с тем общее состояние физического воспитания детей и молодежи на современном этапе вызывает тревогу.

Именно поэтому особое значение приобретает осуществление мероприятий, направленных на эффективное использование возможностей физической культуры и спорта во всестороннем физическом и духовном развитии личности, укреплении здоровья и профилактике заболеваний, рациональном проведении досуга, адаптации к условиям современной жизни, формировании потребности в регулярных занятиях физической культурой и спортом, новых ценностных ориентиров, включающих неприятие вредных привычек.

Футбол как общепризнанный вид спорта номер один в мире получил широкое распространение в Кыргызской Республике еще с 30-х годов прошлого столетия. Он стал одним из самых массовых видов спорта среди населения, в первую очередь среди детей, подростков и молодежи. Общеизвестны и спортивные успехи наших футбольных коллективов как на профессиональном, так и на любительском уровнях.

Увлечение футболом имеет не только спортивное, но и важное социальное значение. Эта игра является мощным средством профилактики и преодоления наркотической и компьютерной

адаттарды, ошондой эле жаштардын асоциалдык жүрүм-турумун алдын алуунун жана жеңүүнүн күчтүү каражаты болуп саналат.

Ошону менен бирге эгемендүүлүк жылдарында Кыргыз Республикасындагы футболдун өнүгүшүн талдоо бул чөйрөдө олуттуу көйгөйлөрдүн бар экендигин айгинеледи. Мамлекеттик бийлик органдары, жергиликтүү мамлекеттик администрациялары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары футболду өнүктүрүү маселелерине талаптагыдай көңүл бурбай жатышат. Футболду өнүктүрүү үчүн оптималдуу шарттарды камсыз кылууга багытталган чараларды ишке ашыруу тийиштүү натыйжаларды берген жок.

Футболдун азыркы инфраструктурасы жана материалдык-техникалык базасы реконструкциялоого же тез арада капиталдык оңдоого муктаж. Футболдун бардык түрлөрү боюнча машыктыруучулар жана калыстар корпусу негизинен даярдыгынын начар деңгээли менен мүнөздөлөт. Ошону менен бирге футбол матчтарына баруу, футбол клубдарынын финансылык абалынын туруксуздугу чечилбеген бойдон калууда. Балдар жана мектеп футболунун сапаты төмөндөп баратат. Жашаган жери боюнча футболду, айрыкча короодо ойногон футболду өнүктүрүүдөгү салт жоголду. Футбол күйөрмандарынын жүрүм-турум маданиятын тарбиялоо боюнча иштер талаптагыдай көңүл бурулбастан жана пландалбастан жүргүзүлүүдө.

Албетте, Кыргыз Республикасында футболду өнүктүрүү системалуу жана комплекстүү мамилени талап кылат. Ушуга байланыштуу 2024–2034-жылдарга Кыргыз Республикасында футболду өнүктүрүүнүн улуттук программасын иштеп чыгуу жана кабыл алуу бул чөйрөдөгү болгон көйгөйлөрдү оптималдуу чечүү болуп саналат. Комплекстүү мамиле футболду өнүктүрүүнүн бардык аспекттерин эске алууга, тигил же бул иш-чаралардын артыкчылыгын аныктоого, мамлекеттик бийликтин аткаруу органдары менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосунда ыйгарым укуктарды жана жоопкерчиликти бөлүштүрүүгө, коомдук уюмдардын, коммерциялык түзүмдөрдүн катышуусун кароого мүмкүндүк берет. Бул ыкма программалык иш-чараларды аткаруунун натыйжалуулугун жогорулатууга мүмкүндүк берет.

Программанын негизги максаты калктын ар кандай катмарын, өзгөчө балдар менен өспүрүмдөрдү футбол менен үзгүлтүксүз машыгууга массалык түрдө тартуу үчүн оптималдуу шарттарды түзүү, футболчулардын чеберчилигин жогорулатуу, кесиптик футболду өнүктүрүү, жаштарды сергек жашоого умтулууга тарбиялоо болуп калууга тийиш.

Программанын максаты болуп футболду өнүктүрүүгө байланышкан көйгөйлүү маселелерди чечүү, коомдун турмушунда футболду активдүү жайылтууга көмөктөшүү, калктын ар кайсы



зависимости, алкоголизма, табакокурения и других вредных привычек, а также проявлений асоциального поведения молодежи.

Вместе с тем анализ развития футбола в Кыргызской Республике за годы независимости свидетельствует о наличии серьезных проблем в данной сфере. Органы государственной власти, местные государственные администрации и органы местного самоуправления не уделяют должного внимания вопросам развития футбола. Реализация мер, направленных на обеспечение оптимальных условий для развития футбола, не принесла должных результатов.

Имеющаяся инфраструктура и материально-техническая база футбола нуждаются в реконструкции или в срочном капитальном ремонте. Тренерский и судейский корпус по всем разновидностям футбола в основной массе характеризуется слабым уровнем подготовки. Вместе с тем нерешенными остаются проблемы посещаемости футбольных матчей, неустойчивое финансовое положение футбольных клубов. Продолжает снижаться качество детского и школьного футбола. Утрачены традиции в развитии футбола по месту жительства, особенно дворового футбола. Без должного внимания и плановости проводится работа по воспитанию культуры поведения футбольных болельщиков.

Очевидно, что развитие футбола в Кыргызской Республике требует системного и комплексного подхода. В этой связи разработка и принятие Национальной программы развития футбола в Кыргызской Республике на 2024–2034 годы является оптимальным решением существующих проблем в этой сфере. Комплексный подход позволит учесть все аспекты развития футбола, определить приоритетность тех или иных мероприятий, провести распределение полномочий и ответственности между исполнительными органами государственной власти и органами местного самоуправления, предусмотреть участие общественных организаций, коммерческих структур. Данный подход позволит повысить эффективность выполнения программных мероприятий.

Основной целью Программы должно стать создание оптимальных условий для массового вовлечения различных слоев населения, особенно детей и подростков, в регулярные занятия футболом, повышения мастерства футболистов, развития профессионального футбола, воспитания у молодежи стремления к здоровому образу жизни.

Задачами Программы являются решение проблемных вопросов, связанных с развитием футбола, содействие активному распространению футбола в жизни общества, обеспечение доступности занятий спортом различным слоям населения, улучшение материально-технической базы.

катмарына спорт менен машыгуунун жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу, материалдык-техникалык базаны жакшыртуу саналат.

Программалык иш-чаралардын системасын ырааттуу жүзөгө ашыруу коомдук жана башка дене тарбия-спорттук уюмдардын бул иштерге катышуусун активдештирүү менен бирге Кыргыз Республикасында футболду өнүктүрүүгө багытталган иштерди күчөтүүгө өбөлгө түзүшү керек.

Жогоруда баяндалгандарды көңүлгө алуу менен Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 66, 71-беренелерин жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

1. Футболдун массалуулугун жана популярдуулугун, анын калктын ден соолугун чыңдоодогу, эл аралык аренада спорттук байланыштарды кеңейтүүдөгү маанилүү ролун эске алып, ышкыбоздук жана кесиптик футболду өнүктүрүү, анын материалдык-техникалык базасын жакшыртуу, футболчулардын жаңы муунун даярдоо жана тарбиялоо, ата мекендик футболдун эл аралык аброюн жогорулатуу жакынкы он жылдыкта Кыргыз Республикасынын социалдык саясатынын негизги багыттарынын бири катары аныкталсын.

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети Кыргыз футбол союзу менен биргеликте 2024-жылдын 1-июлуна чейин 2024–2034-жылдарга Кыргыз Республикасында футболду өнүктүрүүнүн комплекстүү улуттук программасынын (мындан ары – Программа) долбоорун даярдасын жана бекитүүгө киргизсин, анын ичинде төмөнкү иш-чараларды карасын:

– футболду өнүктүрүүгө мамлекеттик колдоо көрсөтүүнү камсыз кылуу; бардык курактагы топтордун командаларынын катышуусу менен республикада футболдук мелдештерди өткөрүүнүн бирдиктүү системасын киргизүү, футболду жаңы уюштуруу принциптеринде – клубдук негизде андан ары өнүктүрүү; калктын ар кандай катмарын, өзгөчө балдарды жана өспүрүмдөрдү футбол менен үзгүлтүксүз машыгууга массалык түрдө тартуу үчүн оптималдуу шарттарды түзүү, балдар-өспүрүмдөр мелдештеринин системасын өркүндөтүү, таланттуу спорт жаатындагы жаштарды издөө жана тарбиялоо; калктын футболго туруктуу кызыгуусун калыптандыруу; кыз-келиндер футболун өнүктүрүү;

– Программаны республикалык бюджеттин, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттеринин каражаттарынын эсебинен, ошондой эле бюджеттен тышкаркы булактардын, анын ичинде эл аралык футбол уюмдарынын финансылык жардамдарынын эсебинен каржылоону жүзөгө ашыруу;

– кесиптик футбол клубдарынын уюштуруучулары (менчик ээлери) болуп саналган же Программанын иш-чараларын ишке



Последовательное осуществление системы программных мероприятий должно способствовать усилению деятельности, направленной на развитие футбола в Кыргызской Республике, в сочетании с активизацией участия в этой деятельности общественных и иных физкультурно-спортивных организаций.

Принимая во внимание вышеизложенное, руководствуясь статьями 66, 71 Конституции Кыргызской Республики, **постановляю**:

1. Учитывая массовость и популярность футбола, его важную роль в укреплении здоровья населения, расширении спортивных связей на международной арене, определить развитие любительского и профессионального футбола, улучшение его материально-технической базы, подготовку и воспитание нового поколения футболистов, повышение международного авторитета отечественного футбола одним из главных направлений социальной политики Кыргызской Республики на ближайшее десятилетие.

2. Кабинету Министров Кыргызской Республики совместно с Кыргызским футбольным союзом до 1 июля 2024 года подготовить и внести на утверждение проект комплексной Национальной программы развития футбола в Кыргызской Республике на 2024-2034 годы (далее – Программы), предусмотрев, в том числе, следующие мероприятия:

– обеспечение государственной поддержки развития футбола; введение единой системы проведения футбольных соревнований в республике с участием команд всех возрастных групп, дальнейшее развитие футбола на новых организационных принципах – клубной основе; создание оптимальных условий для массового вовлечения различных слоев населения, особенно детей и подростков, в регулярные занятия футболом, совершенствование системы детско-юношеских соревнований, поиск и воспитание талантливой спортивной молодежи; формирование у населения устойчивого интереса к футболу; развитие женского футбола;

– осуществление финансирования Программы за счет средств республиканского бюджета, бюджетов органов местного самоуправления, а также за счет внебюджетных источников, в том числе, финансовой помощи международных футбольных организаций;

– предоставление налоговых и иных льгот юридическим лицам, являющимся учредителями (собственниками) профессиональных футбольных клубов или осуществляющим спонсорскую поддержку при реализации мероприятий Программы;

– предоставление Кыргызскому футбольному союзу налоговых и иных льгот при уплате обязательных платежей по грантовым, финансовым и материально-техническим средствам, которые поступают от международных футбольных организаций – Азиатской

ашырууда демөөрчүлүк колдоо көрсөткөн юридикалык жактарга салыктык жана башка жеңилдиктерди берүү;

– эл аралык футбол уюмдары – Азия футбол конфедерациясынан (АФК), Эл аралык футбол федерациясынан (ФИФА), ошондой эле чет өлкөлөрдүн улуттук футбол уюмдарынан (ассоциацияларынан), эл аралык демөөрчүлөрдөн, донорлордон келип түшүүчү гранттык, финансылык жана материалдык-техникалык каражаттар боюнча милдеттүү төлөмдөрдү төлөөдө Кыргыз футбол союзуна салыктык жана башка жеңилдиктерди берүү;

– белгиленген тартипте түзүлүүчү тизмектер боюнча футбол боюнча спорттук объекттерди, материалдык-техникалык базаны чыңдоо үчүн зарыл болгон Кыргыз Республикасында өндүрүлбөгөн, алынып келүүчү спорттук жабдуулар жана технологиялар, шаймандар, трансляциялоого арналган түзүлүштөр жана техникалар, фармакологиялык продукциялар, спорттук тамактануу, футбол (футзал) талаалары үчүн жасалма газон, гранулдар, атайын клей жана атайын кесиптик спорттук экипировка, атайын техника жана транспорт каражаттары үчүн Кыргыз футбол союзуна, анын региондук бөлүмдөрүнө, Кыргыз кесиптик футбол лигасына жана футбол клубдарына импортко кошумча нарк салыгын төлөөдө жеңилдиктерди берүү;

– Бишкекте Борбордук футбол стадионунун курулушун жүзөгө ашыруу, стадиондорду, спорт залдарын, футбол ойноо үчүн арналган футбол талааларын жана аянтчаларды заманбап талаптарга ылайык келтирүү, футбол талааларын жана жасалма чөп менен капталган аянтчаларды куруу, коомдук жана башка дене тарбия-спорт уюмдарынын бул иш-чараларга катышуусун активдештирүү менен бирге футболду өнүктүрүү процессин мамлекеттик жөнгө салууну күчөтүү, дене тарбия-ден соолукту чыңдоо багытындагы кошумча билим берүү мекемелеринин, спорттук мектептердин бөлүмдөрүнүн, ошондой эле футболду өнүктүрүүчү спорттук клубдардын жана секциялардын тармагын кеңейтүү, футзал (мини-футбол) боюнча мелдештердин системасын өнүктүрүү, спорттук мектептерди жана футбол бөлүмдөрүн окуу-методикалык адабияттар жана жаш футболчуларды даярдоо программалары менен камсыз кылуу;

– футбол боюнча машыктыруучу-окутуучулардын жана машыктыруучу кадрлардын, спорттук медицина адистеринин сапаттык курамын даярдоону камсыз кылуу, футбол боюнча машыктыруучу-окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо, футбол боюнча балдар машыктыруучуларына эмгек акы төлөө шарттарын өркүндөтүү жана дем берүү боюнча чараларды көрүү, республиканын ишканаларында чыгарылган футболдук экипировканын ассортиментин кеңейтүү жана сапатын жакшыртуу, футбол боюнча спорттук резервди жана жогорку класстагы футболчуларды даярдоо системасынын натыйжалуулугун



футбольной конфедерации (АФК), Международной федерации футбола (ФИФА), а также национальных футбольных организаций (ассоциаций) зарубежных стран, международных спонсоров, доноров;

– предоставление льгот Кыргызскому футбольному союзу, его региональным подразделениям, Кыргызской профессиональной футбольной лиге и футбольным клубам при уплате налога на добавленную стоимость на импорт за ввозимые спортивное оборудование и технологии, инвентарь, устройства и технику, предназначенные для трансляции, фармакологическую продукцию, спортивное питание, искусственный газон для футбольных (футзальных) полей, гранулы, специальный клей и специальную профессиональную спортивную экипировку, специальную технику и транспортные средства, не производимые в Кыргызской Республике, необходимые для укрепления материально-технической базы, спортивных объектов по футболу по перечням, формируемым в установленном порядке;

– осуществление строительства Центрального футбольного стадиона в Бишкеке, приведение стадионов, спортивных залов, футбольных полей и площадок, предназначенных для игры в футбол, в соответствие с современными требованиями, строительство футбольных полей и площадок с искусственным покрытием, усиление государственного регулирования процесса развития футбола в сочетании с активизацией участия в этой деятельности общественных и иных физкультурно-спортивных организаций, расширение сети учреждений дополнительного образования физкультурно-оздоровительной направленности, отделений спортивных школ, а также спортивных клубов и секций, культивирующих футбол, развитие системы соревнований по футзалу (мини-футболу), обеспечение спортивных школ и отделений футбола учебно-методической литературой и программами подготовки юных футболистов;

– обеспечение подготовки качественного состава тренеров-преподавателей и тренерских кадров по футболу, специалистов спортивной медицины, повышения квалификации и переподготовки тренеров-преподавателей по футболу, принятие мер по совершенствованию условий оплаты труда и стимулированию детских тренеров по футболу, расширение ассортимента и улучшение качества футбольной экипировки, производимой на предприятиях республики, повышение эффективности системы подготовки спортивного резерва по футболу и футболистов высокого класса, улучшение результатов выступлений футбольных команд в республиканских и международных соревнованиях, разработка и использование в учебно-тренировочном процессе передовых научно-методических технологий, совершенствование методического обеспечения занятий футболом учащихся образовательных учреждений, систематизация

жогорулатуу, республикалык жана эл аралык мелдештерде футбол командаларынын оюндарынын натыйжаларын жакшыртуу, окуу-машыгуу процессинде алдынкы илимий-методикалык технологияларды иштеп чыгуу жана колдонуу, билим берүү мекемелеринин окуучуларынын футбол менен машыгуусун методикалык жактан камсыз кылууну өркүндөтүү, калктын ар кандай топторун футбол менен активдүү машыгууга тартууга өбөлгө түзүүчү маалыматтык жана жарнамалык иштерди системалаштыруу;

– Программанын аткарылышын контролдоону уюштуруу: Кыргыз футбол союзу, аткаруу бийлик органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары Программанын иш-чараларын өз убагында аткаруу, бөлүнгөн бюджеттик каражаттарды сарамжалдуу пайдалануу үчүн жоопкерчилик тартат.

3. Заманбап материалдык-техникалык базаны түзүүгө жана футболду өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүү үчүн Кыргыз Республикасынын Президентинин фондунан 500 000 000 (беш жүз миллион) сом бөлүп, Кыргыз футбол союзуна караштуу Кыргыз Республикасында футболду өнүктүрүү фонду түзүлсүн.

4. Футболду өнүктүрүү фондунун каражаттарын түзүүнүн булагы болуп жеке жана юридикалык жактардын ыктыярдуу кайрымдуулуктары, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, эл аралык футбол уюмдары – Азия футбол конфедерациясынын (АФК), Эл аралык футбол федерациясынын (ФИФА), ошондой эле чет өлкөлөрдүн улуттук футбол уюмдарынын (ассоциацияларынын), эл аралык демөөрчүлөрдүн, донорлордун финансылык жардамы жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка булактар саналат деп белгиленсин.

5. Кыргыз футбол союзу эки жумалык мөөнөттө Кыргыз футбол союзуна караштуу Кыргыз Республикасында футболду өнүктүрүү фондунун уставын иштеп чыксын жана бекитүүгө киргизсин.

6. Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жана Кыргыз футбол союзу менен макулдашуу боюнча эки жумалык мөөнөттө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине спорттук мектептердеги машыктыруучу-окутуучулардын, анын ичинде футбол боюнча машыктыруучулардын эмгек акысын жалпы билим берүү мектептеринин мугалимдеринин эмгек акысынын деңгээлине ылайык келтирүү жөнүндө сунуштарды киргизсин.

7. Республиканын бардык региондорунда футболду өнүктүрүүгө өзгөчө маани берип, Программаны ишке ашыруу үчүн жоопкерчилик Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым



информационной и рекламной деятельности, способствующей вовлечению различных групп населения в активное занятие футболом;

– организация контроля за исполнением Программы: Кыргызский футбольный союз, органы исполнительной власти, органы местного самоуправления несут ответственность за своевременное выполнение мероприятий Программы, рациональное использование выделенных бюджетных средств.

3. Для содействия созданию современной материально-технической базы и развитию футбола учредить Фонд развития футбола в Кыргызской Республике при Кыргызском футбольном союзе, выделив для него из Фонда Президента Кыргызской Республики 500 000 000 (пятьсот миллионов) сомов.

4. Установить, что источником формирования средств Фонда развития футбола являются добровольные пожертвования физических и юридических лиц, а также финансовая помощь органов государственной власти и органов местного самоуправления Кыргызской Республики, международных футбольных организаций – Азиатской футбольной конфедерации (АФК), Международной федерации футбола (ФИФА), а также национальных футбольных организаций (ассоциаций) зарубежных стран, международных спонсоров, доноров и другие источники, не запрещенные законодательством Кыргызской Республики.

5. Кыргызскому футбольному союзу в двухнедельный срок разработать и представить на утверждение Устав Фонда развития футбола в Кыргызской Республике при Кыргызском футбольном союзе.

6. Министерству культуры, информации, спорта и молодежной политики Кыргызской Республики по согласованию с Министерством финансов Кыргызской Республики и Кыргызским футбольным союзом в двухнедельный срок внести в Кабинет Министров Кыргызской Республики предложения о приведении оплаты труда тренеров-преподавателей в спортивных школах, в том числе тренеров по футболу, в соответствие с уровнем оплаты труда учителей общеобразовательных школ.

7. Придавая важное значение развитию футбола во всех регионах республики, возложить ответственность за реализацию Программы на полномочных представителей Президента Кыргызской Республики в областях и мэров городов Бишкек и Ош.

8. Установить, что руководителями федерации футбола в областях, городах Бишкек и Ош на общественных началах являются соответственно полномочные представители Президента Кыргызской Республики в областях, мэры городов Бишкек и Ош.

9. Министерству культуры, информации, спорта и молодежной политики Кыргызской Республики регулярно и широко освещать в

укуктуу өкүлдөрүнө жана Бишкек жана Ош шаарларынын мэрлерине жүктөлсүн.

8. Футбол федерациясынын облустардагы, Бишкек жана Ош шаарларындагы коомдук башталыштагы жетекчилери болуп тиешелүү түрдө Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, Бишкек жана Ош шаарларынын мэрлери эсептелет деп белгиленсин.

9. Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги өлкөдөгү массалык футбол кыймылын өнүктүрүү маселелерин, мыкты футбол клубдарынын, спорттук мектептердин, дене тарбия жамааттарынын, футбол боюнча адистердин жана машыктыруучулардын ишин жалпыга маалымдоо каражаттарында үзгүлтүксүз жана кеңири чагылдырып турсун.

10. Футбол сезонунун жыйынтыгы боюнча журналисттик сурамжылоонун негизинде берилүүчү жылдын мыкты футболчусуна жана жылдын мыкты машыктыруучусуна Кыргыз Республикасынын Президентинин атайын сыйлыгы уюштурулсун.

11. Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

12. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.Н. Жапаров**

Бишкек ш.
2024-жылдын 25-марты
ПЖ № 81



средствах массовой информации вопросы развития массового футбольного движения в стране, деятельность лучших футбольных клубов, спортивных школ, коллективов физкультуры, специалистов и тренеров по футболу.

10. Учредить специальный приз Президента Кыргызской Республики лучшему футболисту года и лучшему тренеру года, вручаемый на основе журналистского опроса по итогам футбольного сезона.

11. Контроль за исполнением настоящего Указа возложить на управление контроля исполнения решений Президента и Кабинета Министров Администрации Президента Кыргызской Республики.

12. Настоящий Указ вступает в силу со дня официального опубликования.

**Президент Кыргызской Республики** **С.Н. Жапаров**

г. Бишкек
25 марта 2024 года
УП № 81